• *Тарыхый баян*

# Бөлтөк

Кечээ эле улуу союз убагында, СССРдин курамында келишкен көп улуттуу өлкөбүздүн тарыхындагы кайгы-муңга толгон, каргашалуу окуялардын учуру — бул массалык түрдөгү репрессия жылдары эле. Ошол опосуз 30—40-жылдарда кыргыз элининин асманына жарк деп жаралган үч миңден ашык улуу муундагы инсандын жаш өмүрлөрү кыйылган. Алардын дээрлик көпчүлүгү кымындай күнөөсүздөр. А бирок, «оң көз сол көзгө душман» болгон ошол мезгилдерде көптөгөн ак ниет инсандарга курулай эле жалаа жабылып «эл душманы» аталышып, абакка айдалып кете беришкен, эртедир-кечтир акталышы тарыхый чындык эле. Анын ачык күбөсү катары Бишкек шаарынын үстү жагында азыркы «Ата-Бейит» аталган жайга сөөктөрү табылып кайрадан коюлган 138 советтик жана партиялык талантту ишмерлер эмеспи. «Эл душманы» деген жалган жалаа менен бир нече инсандар Кара-Кулжа районунан да абакка айдалган жана жок шылтоо менен атылып кетишкен. Алардын бири Алай-Куу өрөөнүнөн өрт катары өзүнүн эли-жери үчүн күйүп чыккан эң алгачкы актив, азыркы тил менен айтканда айыл өкмөтүнүн төрагасы Бөлтөк Эсенали уулу эле. Ал Алай-Куу өрөөнүндөгү алгачкы «атка минерлерден», өз элинин «башы-көзү» болгон.

«Жетим жүрүп жетилер жетекке башы кошулар» деп кыргыз элинин накыл сөзүндө айтылгандай, ата-энесинен жаш курагында жетим калган Бөлтөк жетилип жүрүп, акыры ага да «күн тийип» катарга кошулат, алгачкы актив болот. Ошондой эле өз алдынча өнүп-өскөн инсан 30—40-жылдардагы жалпы элдин башына түшкөн караан күн



маны» болбоптур. Бул жарлыкты таккан Бөлтөк Эсеналы уулунун ушунчалык үчкүл өсүшүн көралбаган көр душмандар жөнөткөн «тоголок каттын» гана изи тура.

Бөлтөк Эсенали уулунун көзү азыр жок. А бирок, анын артында эл арасында айтылып жүргөн нускалуу сөздөрү, акыл менен ишке ашкан амалдуу иш көрдүүлүктөрү, өрнөктүү өткөн өмүрү жатат. Ал 1938-жылы 21-сентябрда СССРдын НКВДсы жана Прокуратурасынын койгон 58-статьясынын 6-бөлүгү

дир», а бирок, анын асыл адам болушу табиятынан эле бар эле. Ошол себептен жаш совет бийлигинин ураанын Алай-Куу өрөөнүн аралап өтүп, ал биринчи кезекте Бөлтөк Эсенали уулуна жетет. Буга таң калыштын кажети жоктур анткени, жаңыдан бутуна туруп жаткан жаш совет /мамлекети үчүн кедей-кембаталардын жоопту кызматка тартылышы мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Ал жаштайынан чыйрак өсөт, тың чыгат. Турмуштун жаман-жакшысын эрте

рат. Ач-жылаңачтыгуу туткан таянычы, карапайым калктын каалаган адамы болуп чыга келет. Ал эл-журттун башына түшкөн түрдүү табигый кырсыктан улам кайгы чеккен үй-бүлөнүн көңүл айтары, боорукери боло келет. Турмуштун туткасын туура кармоого ашыккандыгын эл-журт эч качан эс-акылынан чыгарбас. Бөлтөк Эсенали уулу жаратылышынан жанга жабыс өскөн, карапайым калктын арасында калыстыкты кастарлаган, адилеттикти ардалаган, ар учурда өз демилгесин көрсөткөн жан болуп тур.

Ошол кезде эми «бутуна туруп келе жаткан» совет мамлекетинин жер-жерлерде кызмат кылуу оңой беле? Албетте, оор эле, анткени, жаңы мамлекеттин жашап кетишине каршы күчтөр толо боло турган, бай-кулак колхоздошууга малдарын бербей, кедей-кембагалдардын бийлигин жактырышпай жаткан кез аз беле? Буга кошумча баш көтөргөн басмачы бөлүмүштар болбоду беле? Ошол мезгилдерде жер-жерлерде колхоздошуруу процесси активдүү жүрүп жаткан, демек, коомдун жаңылышынын түбүнөн көргүсү келбегендер тоолуктардан чыкпады дейсизби. Алар учурда колхоздук түзүлүштү каалашпай түрдүү аракеттерин кылышкан. Айрым, учурда ошол өкмөтүн ишин артка тартууга, жетекчи кадрларынын кадыр-баркын төмөндөтүүгө, колдон келсе аларды «күмжам» кылып коюудан кайтышпаган.

1937-жылдын кеч күзү экен. Ошондогу Бөлтөк Эсенали уулуна тиешелүү бир окуяны азыр 96 жаштагы кутман энебиз Айымкандын айтуусунда: «Бөлтөк Эсенали уулу акыркы жолу Алай-Кууда эли-жери менен коштошуп, (анда Кара-Кулжа

жылдардагы жалпы элдин башына түшкөн караан күндө кенедей күнөөсү жок туруп, жергиликтүү элдин эле ичинен чыккан ичи бузук, кара ниет көрөалбастардын жазган «тоголок каттарынын» изи менен кармалып кеткен. Эч кандай күнөөсү жок Бөлтөккө түр[illegible] саясий жарлыктар тагылып, ал абакка айдалып кеткен. Андан ары атылып, далай жылдар бою дайыны чыкпай белгисиз болучу. Мына эми анын дайыны маалым болуп отурат.

Күнөөсүз жерден айыпталып абакка айдалып, он ай бою сурак берип, андан бери дайыны чыкпаган Бөлтөк Эсеналы уулу көзү тирүү болсо жүздөн эчак эле ашмак. А бирок, анын дайыны билингиче арадан өткөн 58 жыл анын артында калышкан бала-бакыраларынын, тууган-уруктарынын жана жалпы эле жакшылыкты санашкан эли-журттун жылдызын жерге түшүрүп, алардын кабагын ачырбай, көңүлүн чөктүрүп келбедиби? А баса, ошол Бөлтөк ким эле, ал кандай мүнөздөгү инсан болгон? Бул коюлган суроого Алай-Куу өрөөнүндөгүлөр кеңири жооп беришет. Кала берсе ал жөнүндө Кыргыз Республикасынын коопсуздук министрлигинин бизге жөнөткөн жакын арадагы Бөлтөк Эсенали уулунун дарегин дайындаган актык кагазы. Бизге жиберилген бул кагазда 30—40-жылдарда эл-жерден айдалып андан ары атылып кеткен бул инсан эч бир айыпсыз эле курулай доомattын күнөөкөрү болуптур. Коопсуздук министрлигинин бизге жөнөткөн актык кагазынын негизин түзгөн 16 барак ар түрдүү мазмундагы Бөлтөк Эсенали уулуна берилген мүнөздөмөлөрдүн мазмуну бул инсандын толук тазалыгын гана айгинелейт. Ал эч бир учурда «эл душ[...]

[...]Прокуратурасынын кийген 58-статьясынын 6-бөлүгү боюнча жоопко тартылып атылып кеткен. Анын сөөгү кайсыл жерде, кайсыл чукурга ташталгандыгы белгисиз. Аны таптап билүү да эми эч кандай зарылчылыкты туудурбайт, кажети жоктур?

Бөлтөк Эсенали уулу Кара-Кулжа районуна караштуу Алай-Куу өрөөнүндөгү Кара-Жылганын ичиндеги Капка-Таш кыштагында өз оокатына өзү тың, эле үй-бүлөдө туулган. Азан чакыргандагы аты Абдырахман, а бирок, ымыркайынан болчойгон бала болуп чоңоет да, ата-энеси «болчогум», «бөлтөгүм» деп эркелете берип, кийин биротоло Бөлтөк атка конуп кетет. Тогуз жашка чыкканда ата-энеси көз жумушат. Тоголок жетим калган ал аталаштарынын колун карап кала берет. Он жашынан он сегиз жашка чейин Капчыгайда Молдожанов Калмурзага мандикер жүрөт. 18—25 курагына чейин Ой-Талдагы Чентиев Чыдыбайдын жумушун кылат. 25—28 курагында Капка-Таш кыштагындагы Байтөрө Намазбековдун карамагында болуп, анын ар түрдүү кызматын аткарат. Кечигип болсо да ошол учурда Бөлтөк Эсенали уулуна жаңы совет өкмөтүнүн нуру тиет. Ал убакта жер-жерлерде жетим-жесир, кедей-дыйкандын «түнү туул», алар гана атка минер болушуп бийликке шайлана башташат. Жаштайынан жетим дик кендирин кескен Бөлтөк Эсенали уулу ошол кездеи баштап совет өкмөтүнүн кызматына астейдил тартылып, ал 1927—30-жылдарда кедей-кембагалдарынын атынан Ой-Тал айыл кеңешинин төрагасы болуп шайланат. Мындай кызматка түшүп болуш ал үчүн, балким, он-жыйырма жыл мурун «уч уктаса түшүнө кирбеген[...]

[...]өсөт, тың чыгат. Турмуштун жаман-жакшысын эрте көрөт, жетимдиктин айынан көрбөгөн күндү көрүп «ел бөгөн төрт ашыйрагы» калат. А бирок, ал жетим болсо да көп кыйынчылыктарды тарткан маалында да алдыда боло турган жакшылыктан кол жуубаган болот. Өзүнө тың, сөзүнө бек Бөлтөк Эсенали уулун Алай-Куунун далай менменсинген байлары, колунда барлары көп жолу өздөрүнө тартышып, анын так аткарган кызматтарын көрүшкөн. Байлардын, казылардын көп эле иштерин аткарып алардын зор сыноосунан өткөн. Ал кийин кайсыл байдын же казынын кызматын кылбасын ал учурда эртеңки келечегинен зор үмүттө эле. Анын эртеңкиси жаңыдан куралган жаш совет мамлекети кедей-кембагалдарга берген энчиси эле. Бөлтөктүн өзүнө тыңдыгы, сөзүнө бектиги жаңы совет мамлекетинин жер-жерлердеги бийлик органдарына жетип, ал тез эле кызматкер болуп чыга келет. Алай-Куу өрөөнүнө кеткен таштак тар жолду кеңейтүүдө, колхоз курулушун чыңдоодо, чек араны куруу иштеринде ал жан аябай ак ниеттен эмгектенет. Алай-Куу аркылуу Эшек-Артка өткөрүлүүчү телефон зымдарын кур[...]да, ал жердеги аскер тобу менен тыгыз алакада болот. Ал акырындап чек арадагы кызыл аскерлердин ишеним дүү адамы болуп, аларга ак ниеттен кызмат кылат. Ошол эле учурда кызыл аскерлерден орус тилин үйрөнөт, сүйлөшкөн саясаттагы сөздөрүн угуп жаш совет мамлекеттинин маңызын терең түшүнөт.

Бөлтөк Эсенали уулу азыркы заман кедей-кембагалдардыкы экендигин терең түшүнгөн соң, аларды ар убакта жактап, карапайым калктын мүдөөсүн атка[...]

[...]Кууда эли-жери менен көч тошуп, (анда Кара-Кулжа району Алай-Гүлчө менен бир район болуптур) Алкине өрөөнүнүн ашуусундагы «Чалка» жайлоосунун чатында боз үйүн жайлоодон жакага түшүп конуп отурган боз үйгө төрт атчан келиптир. Аларды алыстан көргөн атабыз аттарына алып, үйгө киргизет. Алар кечки конок болуп ал түнү жатып калышат. Кымыз ичилип, козу желет. Ал төрт адамдын бири ушул биз сөз кылып жаткан каарман экен. Анын үчөө: ошол кездеги колхоздун активдери Осмонбек, Сатыбалды, Жорокул, тура. Бул үчөө ошол кездеги өлкөдөгү саясий кырдаал, колхоз курулушундагы кыйынчылыктар, эл арасындагы ички-тышкы карама каршылыктар жана башкалар тууралуу кеңири сүйлөшүшөт, турмуш акыбал, үй-бүлө жөнүндө баарлашат. Бөлтөктүн айткандарын ал төртөө аябай терең кабыл алышат. Түнү бою алар кыргыз элинин эртеңкиси тууралуу ичтеринен ойлонушат. Жер-суу, мал-чарба — бардыгы коомдун менчигине өтүп, анын чыныгы ээлери кедей-кембагалдар болгондугун зор кубануу менен кабыл алышат. Конок болушкан алар кеч уктап, эрте ойгонушуп ордуларынан турушат. Эртең мененки сапарлыктан кийин сапар тартып ак батасын берип, Алай-Гүлчөнү ашып кетет. Осмонбек, Сатыбалды, Жорокул аларды коштоп белге ашыргант кетишти». Ошондо Бөлтөктүн Алай-Куу өрөөнүн аралап өтүп Алай-Гүлчө районун ашкан тура. Ошол боюнча Бөлтөк Эсенали уулу Алай-Куута кайра барбаптыр. Ал совет өкмөтүнүн кызматын аткарып жүрүп, андан ары абакка камалган.

(Уландысы бар.)

*• Тарыхый баян*

# Бөлтөк

**(Башталышы гезиттин өткөн санында)**

Бөлтөк Эсенали уулу калк арасында зор кадыр-барктуу инсан болгон. Анын көп иштин көзүн терең түшүнүп, ар кандай жумуштарды уюштургучтугу калың элге аябай жагар эле, ошол себептен анын ысмы эл арасында өчпөй келет. Анын ачык күбөсү катары орто мектептин мыкты аталган мугалими М. Салибековдун райондук газетага жарыяланган: «Бөлтөк деген ким?» жана анын «Чыгармачылык алгачкы кадамым» аттуу китебинде Бөлтөк Эсенали уулу тууралу кызыктуу аңгемелерди айтат. Анын китебинде айткан Алай-Куу өрөөнүнөн чыккан Бөлтөк Эсенали уулунун түрдүү шарттардагы жасаган эрдиги, колхоздоштуруу кызуу жүрүп жаткан мезгилдеги уюштургучтугу ак эмгектери тууралу баяндайт. Бул баяндамада мектеп окуучуларына тарбия-таалимдин жеткиликтүү мисалдары келтирилет. Ал мисалдар Алай-Куу өрөөнүндөгү жер-суунун аттары, ал жерлерди жердеп өтүшкөн улуу инсандар, алардын түрдүү кызыктуу жоруктары, биринчи кезекте Бөлтөк Эсенали уулунун уламышка айланып кеткен акылдуу, амалдуу жоруктарын келтирет.

Эл арасында кадыр-баркы ашкан Алай-Куу жергесинде жашашкан адамдар өздөрүнүн балдарын Бөлтөк Эсенали уулундай болуп өсүшүн каалашат. Ошол себептен алар: «Болсоң Бөлтөктөй чын бол, чынчыл бол» деп балдарына бекер насаат беришпейт. Айтылган сөздүн түпкүрүндө зор маани адилет айтылган сөз жатат. Ал эли-журттун ар-намысы жана сыймыгы эле, Ошондуктан ар бир ата-эне өз баласын намыстуу жана боорукер болууга гана үндөшөт. Бул касиет, ошол кезде Бөлтөк Эсенали уулунда өзгөчө көп эле. Дал ошол себептен Алай-Куунун эли бала-бакырасын, тууган-туушкандарын «Бөлтөктөй кайраттуу жана канаттуу бол» дешип ар убакта айтып келишет. Анын амалкөй, кыраакылыгы 18—20га чыккан маалында элге кеңири маалым болуп, ал үйүр-үйүр жылкысын ууруга алдырган адамдардын малын айдап келип, берип, алардын көп эле сообуна калат. Аттын кадырын Бөлтөк жаш чагынан бери карай жакшы билет. Балким, ошол кездеги атка, кушка болгон «ашыктыгы» кийин өзүнүн жемишин бергендир.

«Ат адамдын канаты» демекчи, Бөлтөк Эсенали уулу атты жанындай жакшы көргөн. Бул жерде бир мисал келтире кетели. 1936-жыл экен. Алай-Куудан эртелеп кул уулунукунда эле шумдуктуу бир «Көк буудан» пайда болот. Аны кечкурун сугарып келүү үлүшү мага жүктөлөт. Мен көк жоргонун үстүнө конгонумда ат мени асманга эле алып чыккандай жоргосун салып мемиретти. Мен аны сугарып үйдү көздөй желдирдим, чамасы анын жоргосуна жел деле жетпегенсиди. Тим эле чалкалайт, жылжыйт. Үстүнө чөйчөккө кымыз куйсаң төгүлчүдөй эмес. Мындай атты эч бир минген эмесмин, кийин деле колхоздун, айыл кеңешинин жетекчиси болдум, ошол аттай ат көрө элекмин.

Бөлтөк Эсенали уулу 1938-жылдын 25-январында Алай-Гүлчө райондук аткаруу комитетинде старший (ага) инструктор болуп турган маалда анын үстүнөн жалган чагуу түшүп кармалат. Ошол эле жылдын 8-февралында «күнөөкөрлүк» иш кагазы ачылат. Ал эми Кыргыз Республикасынын Коопсуздук министрлигинин бизге жиберген кагаздарына таянганда Бөлтөк Эсенали уулуна бир нече айып жүктөлөт. ал жалаалар төмөндөгүлөр: 1. Кыргызстанды СССРден бөлүүгө карата багытталган контрреволюциялык иштерди жүргүзөт;
2. Ал «Социал-Туран» партиясынын иштерине катышат; 3. Англиянын пайдасы үчүн иш жүргүзгөн тыңчы (шпион) болот; 4. Колхоз курулушун ыпыратып, зор зыян алып келген адам деп айып жүктөлөт. Мындай айыптын эч бир негизи жок эле. Бул «айыбы» үчүн ал он ай бою сурак берет, сурак бүткөн соң 1938-жылдын 21-октябрында жазыксыз жерден атылат. Анын ошол кезде үй-бүлөсүндө 1896-жылы туулган жубайы—Бүбүжан, 1917-жылы туулган уулу— Маматкерим, 1926-жылы туулган кызы—Макмалчач, 1928-жылы туулган кызы—Жамийла, 1932-жылы туулган уулу— Мыктыбек, 1934-жылы туулган уулу—Аали жана 75 жаштагы энеси Ширин катталат. Ошондой эле анын үй ичин тинтүү жүрөт, а бирок, «эл душманы» катары эч нерсе табылбаган соң үй мүлкү конфискацияланбайт. Анын артынан Алай-Куу өрөөнүнөн Кайыпов Алибай, Кайыпов Чотон, ал эми Бөлтөктүн куйругу деп Эркинбай Жумабаев камалат. Ал учурчуны менен акты-караны ас

бынан берилген справкада ал Ой-Тал айыл кеңешинин шайлоо боюнча төрагасы болуп шайлангандыгы айтылган. Бул күбөлүккө Алай-Гүлчө райондук шайлоо комиссиясынын төрагасы Бекташов жана катчы катары Шарафутдиновдун колдору коюлган. Ал эми ушул жылдын 10-декабрдагы справкага чек ара начальниги Сутченко кол коёт да, бул документте Бөлтөк Эсенали улуу жаш совет мамлекетинин жергиликтүү бийликтерине каршы жүргүзүп жаткан коомдун жат элементтеринин насаат иштерин жүргүзүүчү деп айтылат.

Бөлтөк Эсенали уулу ушул эле жылдын 30-июнунда Кыргыз Автономиялуу Социалисттик Республикасынын Борбордук Аткаруу комитетинин Ардак Грамотасы менен сыйланган. Бул жогорку сыйлык Бөлтөк Эсенали уулунун айыл жергесинде пайда болгон талоончу, басмачылар менен болгон күрөштөгү активдүүлүгү үчүн берилген. Ардак Грамотасына кошо 500 патрону менен майда калибрлүү мылтык кошо берилет. Бул күбөлүк кагазга Кыргыз АССРинин Борбордук Аткаруу Комитетинин төрагасы А. Орозбеков өзү кол коёт.

Ал эми 1931-жылы 12-февралда Бөлтөк Эсенали уулуна А. Орозбековдун өз колу коюлган Кыргызстандын 3-съездинин атынан Алай райондук кеңешине караштуу участоктордон колхоз курулушуна каражат өндүрүү өнөктүгүнө катышуусу тууралу күбөлүк кат жиберилет.

1931-жылы 3-мартта Алай райондук аткаруу комитетинин буйругу менен Бөлтөк Эсенали уулу ушул жылдын 20-январынан баштап Алай-Гүлчө районуна караштуу жол инспекциясынын жетекчиси деген кызматка көтөрүлөт. Бул оор кызмат эле, а бирок, Бөлтөк Эсенали уулу өзүнүн тубаса жөндөмүнүн бар экендигине жараша аны да активдүү түрдө иш жүзүнө ашырат.

1932-жылы 7-январда Алай-Гүлчө райондук аткаруу комитетинин старший инструктору болуп турган Бөлтөк Эсенали уулу Алай-Кууга, Ой-Тал айыл кеңешине саясий-чарбалык өнөктүктү өткөрүү үчүн жөнөтүлөт. Ушул эле жылдын 9-январында ал Кыргыз АССРи

